**УДК. 37,013**

**ОСЕКОВА Т. К.**
*ОшМПУнун баштапгыч класстын*
*педагогикасы жана мамлекеттик тил кафедрасы*
*Ош шаары, Кыргызстан*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН КОМПЛЕКСТҮҮ ТАПШЫРМАЛАРДЫ БЕРҮҮ

## Задавание комплексных заданий по кыргызскому языку начальным классам

## Assigning complex tasks in Kyrgyz to primary classes

**Аннотация:**Макалада башталгыч класстарда кыргыз тилинен сапаттуу билим берүүдө комплекстүү окутуунун, үй тапшырмаларын берүүнүн жана таблицаларды колдонуунун зарылчылыгы белгиленет.

**Аннотация:** В статье говорится о качестве обучения кыргызскому языку в начальных классах, о необходимости применение таблиц и как закрепление урока-задание на дом учащимся.

**Annotation:** For the pupils of the elementary schools with conductinq the complex tasks and ways of risinq the quality of the lesson is said in this article.

**Түйүндүү сөздөр:** мугалим, окуучу, конкреттүү, тапшырма, билим, сөз түркүмү, комплекстүү, таблицалар, кайталоо

**Ключевые слова:** преподаватель, ученик, конкретный, задание, знание, части речи, комплексный, таблицы, повторение.

**Keywords:** teacher, student, specific, task, knowledge, parts of speech, complex, tables, repetition.

Мугалим деген сөздө кандай гана көп маани жатат… Анын түйшүгүн, оорчулугун, алдыга умтулуусу, кайгы-капасын жана мугалимдик чындыктын жаркын сырларын жон-териси менен сезип туя биле алган гана чыныгы өз кесибинин устаты катары бааланат.

Окутуу жана окуу-адам ишмердүүлүгүндөгү негизги көп жолугуучу түрлөрдүн бири. Бизди канткенде натыйжалуу окуй алабыз жана канткенде натыйжалуу окута алабыз деген суроолор көп түйшөлтөт.

Окутуу процессиндеги натыйжаны алуунун жолдору окшош да, башка да болушу мүмкүн.

### 1.Түбөлүктүү байланыш.

Окутуудагы комплекстүүлүк идеясы мугалимдин иштеги кемчиликтерди үйрөнүүдөн жана аны жоюу жолдорун издөөдөн келип чыгат.

Бир мисал келтирели: Жакшы окуйт, тың деп эсептелген 4-класстын окуучусу жыл аягында зат атооч деген эмне экенин билбей, дегеле зат атоочко 3-4 мисал да келтире албай койду. Зат атооч боюнча 2-3-4-класстарда билим алып, окуган учурунда «4» деген бааны алып жүргөн бала ушинтти.

Ырас, мугалим да эртең эле окуучум унутуп калсын деп окутпайт. Андай тилектеги педагогду табуу да кыйын. Бала да эртең эле билбей калайын деп окубайт. Ошого карабастан терең билим катары айлап-жылдап үйрөтүлгөндөр унутулуп калууда.

Эмне үчүн мындай? Албетте, бул кырдаал окутууга катышы бар адамдардын баарын терең ойго салат. Мындай кемчиликтердин кайда болушу класс менен класстын ортосундагы байланыштардын түрдүү себептер менен үзүлүп калып жаткандыгында окшойт. Ооба, мектепти бүткөнгө чейинки аралык баланын мектептик турмушунун - асманы, өмүрүнүн азылзаттыка  ширелүүчү кайталангыс бөлүгү, калыптануу, түзүлүү жана өрчүү жылдары. Демек, түбөлүктүүлүктүн пайдубалы мектепте куралат. [6; 58-б]
Тигил же бул өздөштүрүлгөн материалдын «чөгүп» же «тунуп» калышына мүмкүндүк бербөө керек, алар ар дайым кыймылда, карым-катнашта колдонулууга тийиш. Улам жаңы темалар өздөштүрүлгөн сайын, мурунку темаларды билүүнүн зарылдыгы аз-аздан жаңы нерсеге топтолот да, ошентип отуруп бала конкреттүү  билүүдөн өтө жалпы билүүгө өтөт же караманча эле унутуп коет. Унутулган нерсенин унутулган боюнча калышы окуучунун билиминин өтө тайкылыгын жаратат. Ал эле эмес, кечээ эле берилген тапшырманы окуучулар жүз пайыз өздөштүрүүсү да мүмкүн эмес. Жыл күндөрдөн турган сыяктуу эле тигил же бул илим тарам-тарамга бөлүнгөн майда бөлүкчөлөрдөн турат. Окуу программалары да ушундай зарылдыктарды эсепке алуу менен түзүлгөн. Кээде өтүлгөн теманы, материалдарды толук билген бир да окуучу болбой калат, бирок бирин-бири толуктап жатып, айтыла турган ойду чегине жеткиришет. [2;145-146-б] А мугалим болсо, «окуучуларым билет» болуп жүргөн. Бул кемчилдиктердин ачылышы анын пайда болушун үйрөнүп, изилдөөгө себеп болду. Демек, унутуп коюу балдардын кемчилдиги эмес, чоң кишилер да унутушат. Окуучуну унуткандыгы үчүн күнөөлөө бир эсептен туура эмес сыяктанат. Кыскасы, түбөлүктүүлүк - бул окуу материалдарынын арасындагы дайыма жана милдеттүү болуп туруучу байланыш, баладагы билимдерди жандандырып, аны ой жүгүртүүнүн, талдоонун, иликтеп-изилдөөнүн, баа берүүнүн, салыштыруунун, дайыма колдонуунун таблицаларын алып чыгуу керек.

**2. Комплекстүү тапшырмалар**.

Бул кыргыз тилин окутуудагы жазуу иштеринин бир түрү. Ошол эле учурда аларды чектелген өлчөмдө бириктирет. Тапшырмалардын комплексин аткаруу окуучунун толук жүзүн ачат, кыргыз тили боюнча билимин аныктайт. Ошол эле учурда балдарды машыктырып, өз алдынча иштеп көнүгүшү күчөйт. Төмөндө башталгыч класстардын 3-классына сунуш кылынуучу комплекстүү тапшырмалардын бир нечеси менен таанышабыз.

**I вариант**.1. Муундун түрлөрүн аныктагыла:
Айдина, алма, асман, акыл, Манас, Бишкек.[4;97-б]
2. Төмөнкү сөздөрдөн жандуу жана жансыз заттарды таап, жандуу заттарды өзүнчө тилкеге, жансыз заттарды өзүнчө тилкеге жазгыла.
Жалбырак, Кубаныч, самолет, туман, Адеми, самын, таята, кирпик, уста, булак, ырчы, газета, кат, окурман, чоң ата, китепканачы, жоолук, китеп.[4;117-б]

**II вариант.**1 Сөздөрдү уңгу,  мүчөгө ажыратып, мүчөнүн түрлөрүн айтып бергиле:
Сууга, суучул, окуду, окуучу, окуучулар, китепти, китепкана, баладан, балалуу, шаарга, шаардык, маданиятсыз, маданияттуу.[4;103-б]
2. Сын атооч сөздөрдү даражалар боюнча топтоштуруп жазгыла.
Көк, агыш, кызылыраак, көгүш, кара, көпкөк, чоңураак, бозгуч, ак, аппак, сары, капкара, таттууураак, өтө ачуу, эң жакшы, кыпкызыл, жашымтыл, кызгыч.[4;145-б]

**III вариант.**1.Уңгулаш сөздөрдү кайсы сөз түркүмү боюнча уңгулаштыгын айтып бергиле: а) Кар, кардуу, кардай, карда, карсыз, суусуз, суудай, суучул, суулук, суулуу.
б) Кызыл, кызылыраак, кыпкызыл, кызылгыч, жылуу, жыпжылуу, жылымык, жылуула.

в) Бир, бирдей, бирдик, бирөө, беш, бештен, бештей, бешилик.
г) Келди, келчү, келер, келбес, тап, тапкыч, табар, таппас.
2. Зат атоочторго сын атооч сөздөрдү маанисине ылайык айкаштырып, сөз айкаштарын түзгүлө:…
мөңгү,…түок,…көл,…кыз,...бай,…суу,…жалбырак,…алма,…коон,…түлкү,…фильм,…окуя,…сагызган,… Үлгү: Ак мөңгү.[4;142-б]
Бул үч вариант тең окуучулардын тең окуучулардын өздөштүрүү күчүнө карата ылайыкташтырылган. Комплекстүү тапшырмалар күндөлүк өтүлгөн материалдар менен тыгыз байланышта жүргүзүлгөн.
Демек, комплекстүү тапшырмалар үйдөн жана класстан аткарылуучу тапшырмалар болуп экиге бөлүнөт.

**3. Комплекстүү үй тапшырмалары.**

Башталгыч класстын окуучуларынын үй тапшырмасын аткаруусу анын кабыл алуусуна, кызыгуусуна б.а. психологиясынын өзгөчөлүгүнө көз каранды болот. Эгер окуучу эч нерсеге кызыкпаса, анын үйдөн өз алдынча иштөөсү начар болуп, эч кандай жыйынтык бербейт.
Окуучу үйдөн үй тапшырмасын канчалык ийгиликтүү аткарса, анын өздөштүргөн билими ошончолук ага кубаныч тартуулайт. Башталгыч класстарда окуучулардын үйдө үй тапшырмасын аткаруусу окуу-тарбия ишинде эң татаал баскычтардын бири. [6;73-б] Белгилүү болгондой үй тапшырмасынын көлөмү окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө туура келбейт. Окуучу ар бир предметтен ар башка тапшырмаларды аткарууда же түшүнбөй, же жетишпей калып, натыйжада балада чарчоо, тез тажоо орун алат. Ошондуктан комплекстүү үй тапшырмасын иштеп чыгуу зарылдыгы жаралууда. Башталгыч класстардын окуучулардын алгач өз алдынча иштөөгө көнүктүрүү зарыл. Бүгүнкү күндө окуу программаларында өзгөчө көп көлөмдө берилген тапшырмаларды ирети менен аткаруунун тартибин калыптандыруу каралууда. Ал эми практика көрсөткөндөй, көлөмдүү тапшырмалар окуучунун кызыгуусун жоготуп, кош көңүл мамиле кылууга алып келет.[7;21-б]
Үй тапшырмасы башка окуу-таануу ишмердүүлүктөрдөй эле окуучунун инсандык сапатын өнүктүрүүгө багытталышы керек. Ар бир окуучуга оптималдуу, жеке, өзгөчө тапшырмаларды иштеп чыгуу зарыл. Ошондуктан мугалимдер тапшырманы туура иштеп чыгуу үчүн төмөнкү өзгөчөлүктөрдү эске алуусу зарыл.
1.Тапшырманы окуучунун кызыгуусун арттырып, анын калыптануусуна ар тараптуу шарт түзгөн багытта берүү керек.
2.Сабак өтүүдө үй тапшырмасын убакытты туура пайдалана албай, кезек-кезеги менен кайталанса, окуу материалын толук өздөштүрүүгө жетишүү мүмкүнчүлүгүнөн четтейт.
3.Берилген тапшырманы бардык окуучу аткара бербейт.
Ошондуктан кеч болсо дагы, ошол иштерди, сөзсүз аткарууга көнүктүрүү зарыл. Ансыз окуучу шалаакылыкка, алдамчылыкка, көчүрүп алууга көнүгөт.
4.Окуучулардын изденүүсү үчүн жаңы ачылыштарды ойлоп табууга, фантазиясын өнүктүрүүгө, жоопкерчилик сезимин ойготуп, жакшы окуп билим алууга жеке шыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоодо мотивдөө керек. Окуучулардын изденүүсү мүнөздөрүн оңдоп, билимин бекемдейт.
5. Тапшырманы эч качан танапис убагында же танапистен кийин бербеш керек. Окуучу толук кандуу кабыл алып активдүү болуп турган учурда берүү зарыл. Мектептин практикасы көрсөткөндөй, танапис убагында же танапистен кийин берилген тапшырманы

окуучу толук түшүнбөстөн жазып алып, үйдөн эмнени аткаруу керектиги жөнүндө түшүнүгү болбойт.[6;186-б]

6.Сабак учурунда окуучуларга көбүрөөк ыкмаларды жана окуунун техникасын үйрөтүү керек. Окуучулар мектептен үйрөнгөн нерселерин сөзсүз түрдө кайталашат, ал болсо автоматтык түрдө көндүмүнүн калыптанышына негиз болот.

7. Дайыма көзөмөлдөө менен окуучулардын шектенүү коркуу сезимин жоюга умтулуу зарыл. Убагында аткарылбаган тапшырманы кеч болсо да аткарууга көнүктүрүү керек.

Кыргызстанда башталгыч мектептерде төмөнкүдөй үй тапшырманы практикада колдонулат:

- группалык тапшырма;
- бир тапшырма бардык окуучулар үчүн;
- жекече тапшырма;

Группалык тапшырмада окуучулар жалпы класста өтүлгөн материалдын бир бөлүкчөсүн аткарышат. Бир тапшырма бардык окуучулар үчүн болсо жайылтылган үй тапшырмасынын бир түрү. Күн сайын ушундай тапшырмалар ар түрдүү көндүмгө ээ кылууга жардам берет.[6;187-б] Жекече тапшырма айрым бир окуучуга берилет. Бул окуучулардын билим деңгээлин текшерүүгө жардам берет. Жекече тапшырма өзүнчө барактарга, же болбосо дептерге жазылат. Башталгыч мектепте окуучулардын окуу процессине оң мамиле кылышы үчүн үй тапшырмасын мугалим эң башкы зарыл иш катары жеткиликтүү маанисин ачып көрсөтүүсү керек. Окуучулар үй тапшырмасын активдүү аткаруусу үчүн улам жаңы амалдарды кошуу пайдалануу.

Демек, окуучулар мындай тапшырмаларды аткарууда даярдоо комплекстүү таблицалар менен иштөөгө алып келет.

## 4. Комплекстүү таблицалар.

Комплекстүү тапшырмалардын түгөйү комплекстүү таблицалар. Булар өз ара шартташкан, эриш-аркакташкан иштер. Көпчүлүк учурда комплекстүү таблицалар түгөйүнөн алдыда жүрүшөт. Таблица түзүү мектеп турмушунда адатка айланган, нары канаты кенен жайылган иштерден. Азыркы кездерде көптөгөн мээнеткеч мугалимдер түзгөн таблицалар окууканаларын көркүнө чыгарып, билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн арттырууда. Көпчүлүк учурда алардын саны мугалимдик эмгекти баалоонун көрсөткүчү болуп эсептелет. Алардын саны 200-300 болгону менен да окуучуларга эч кандай керектүү билим бербей калышы мүмкүн. Ошондуктан таблицалардын музмунун жакшыртып, колдонуу чегин арттыруу зарыл. [5;27-б]

Комплекстүү таблицалар: тыбыш жана тамга, уңгу, мүчө, сөз анын бөлүктөрү, сөз түркүмдөрү, сүйлөм, кыргыз тилиндеги тыныш белгилери ж.б. бөлүктөрдөн турат.

Мисалы:

### Сын атооч.

Заттын өңүн-түсүн, даамын, формасын, көлөмүн көрсөтүп, кандай? деген суроого жооп берген сөз түркүмү сын атооч деп аталат.

М: Атам базардан таттуу, кызыл алмаларды сатып келди.

Мындай типтеги таблица башкаларга салыштырмалуу көптүк кылат. Бирок, мындай түзүү бардык тема үчүн мүнөздүү эмес. Жалаң мисалдан турганы бар, керектүү жеринде сүрөт тартуу, схемаларды пайдалануу да керек болот. Жогорудагы сын атоочко карата түзүлгөн таблицанын баш жагына эки бөлүккө бөлүп, бир бөлүгүнө помидор менен бадыраңдын, экинчи бөлүгүнө коон менен дарбыздын түстүү сүрөтүн берүү менен, аягына

эрежени жазсак, албетте класстагы окуучалдын көбү кеңири түшүнүк алышат.[6;210-211-б]

Айрым комплекстерде кайталоого ылайыкташтырылган да таблицалар бар. Ал таблицаларда көбүнчө суроолор менен чектелүү бар, мында кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Ал сүйлөө кебиндеги тилди бузуп коет. Кээде мугалим максатка ылайык бир нече таблицаны комплекстүү түрдө пайдаланат. Комплекстүү таблицаларды колдонуу окуучулардын билим деңгээлине байланыштуу.[5;33-б] Комплекстүү таблицалар окуучуларды жаңы сабакка өз алдынча иштөөгө, грамматикалык талдоого, текшерүү ишине, көнүгүүлөрдү аткарууга даярдайт. Ал көбүнчө алдыда жүрөт.

Демек, аны менен 2-3 жыл мурда өтүлгөндөрдү да жандандырып, окуучуларды практикалык ишке калыптантып алса болот. Ошондой эле ал практикалык иштерге теориялык база болуп берет, анын натыйжалуу болушун шарттайт.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Б.: Педагогика. 2003.
**2.** Бекембай А, Бабаев Д, Жоробеков Т. Педагогика -Б.: 2002.
**3.** Богин, В.Г. Новые технологии: возможности и результаты. -М.: Педагогика. 2002.
**4.** Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы -Ф.: 1982.
5. Кукушкина В.С. Педагогические технологии. -Ростов на Дону.: 2002.
6. Осекова Т., Көлбаева Г. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу. -Б.: 2019.
7. Ташпынар. М.Алимбеков Окутуунун жалпы методдору. -Б.: 2005.